**"Сулууга "**

**Сөзү: Чотурова Бактыгүдл**

**Обону: Бейшекеев Сыймык**

**Булактай көздөрүң башкача кен,**
**Бул кечте сага эчким жакпаган кен.**
**Мен сага сүйөмдеп айткычакты,**
**Ким бирөө озунуп айтпаса кен.**

**Ботодой көздөрүң бал бал жанат,**
**Канбаймын карегиң талбай карап.**
**Мага эми эч качан тынчтык бербес,**
**Махабат жүрөкө салган жараат.**

**Мага сен сурандың келиңиз деп,**
**Махабат ыр ырдап бериңиз деп.**
**Ырымды баштадым сүйүнүчтөн,**
**Өзүмда жүргөнсүп сени издеп.**

**Ирмелген кирпигиң төгүлөт да,**
**Көздөрүң көзүмө өбүлөт да.**
**Маңдайың жаркырап күлүп бассаң,**
**Маралдай маңкайып көрүнөт да.**

**Буралып ийилет кымча белиң,**
**Кыналып күйүгөт мынча демим.**

**Ырымдын аягын бүтүрбөстөн,**

**Жанымда узака турса дедим.**

**Тартуулап көөнүмө таттуу кумар,**

**Койкойот моюнуң аккуу сымал.**

**Татына көркүңө көз тийбеске,**

**Тагылсам дедим мен сага тумар.**